СУНУШТАЛДЫ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
АК жыйыны, Протокол № 6
“19” 10 2026-жыл

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов
“19” 10 2026-жыл

Көрүнүктүү жазуучу, гуманист, философ, дипломат жана мамлекеттик ишмер Чыңгыз Айтматовдун 100 жылдыгына карата Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде өтүүчү чыгармачылык конкурстардын

ЖОБОСУ

1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо көрүнүктүү кыргыз эл жазуучусу, гуманист, философ, дипломат жана мамлекеттик ишмер Чыңгыз Айтматовдун 100 жылдык маараксине карата Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде студенттер арасында өткөрүлүүчү чыгармачылык конкурстардын максатын, милдеттерин, уюштуруу тартибин, катышуучуларга коюлуучу талаптарды жана жеңүүчүлөрдү аныктоо шарттарын белгилейт.

1.2. Конкурстар Чыңгыз Айтматовдун руханий-гуманисттик мурасын жайылтуу, анын чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн терең таануу жана жаштардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү максатында уюштурулат.

1.3. Конкурстар университеттин жетекчилиги, тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрү, институттары, ПЦКлары жана кафедралары тарабынан уюштурулуп, бекитилген иш-чаралардын планына ылайык өткөрүлөт.

1.4. Конкурстар төмөнкү номинациялар боюнча өткөрүлөт:

- Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча “Көркөм окуу» конкурсу;
- «Чыңгыз Айтматов жана дүйнөлүк адабият» темасында эсселердин конкурсу;
- Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча “Мыкты сүрөт» конкурсу;
- Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча “Мыкты инсценировка” конкурсу.

1.5. Конкурстарды өткөрүү мөөнөтү – 2026-жылдын ноябрь-декабрь айлары. Жыйынтыгы Ч.Айматовдун туулган күнүнө карата расмий иш-чарада чыгарылат.

2. Конкурстардын максаты жана милдеттери

2.1. Максаты:

Чыңгыз Айтматовдун адабий, философиялык жана гуманисттик мурасын студенттер арасында кеңири жайылтуу, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды даңазалоо, жаштардын руханий дүйнөсүн байытуу жана чыгармачылык дарametин өнүктүрүү.

2.2. Милдеттери:

- студенттердин Чыңгыз Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы жана дүйнөлүк адабияттагы орду тууралуу билимин тереңдетүү;
- жазуучунун чыгармаларындагы гуманизм, адилеттүүлүк, адамдык абийир, сүйүү, боорукердик, жаратылышка аяр мамиле жана улуттук нарк маселелерин талдоо;
- кыргыз адабиятын жана маданиятын улуттук жана дүйнөлүк деңгээлде таанытуу;
- студенттердин көркөм окуу, адабий талдоо, сүрөт тартуу, сахналык аткаруу жана чыгармачылык ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- жаштардын китеп окууга болгон кызыгуусун арттыруу;

- студенттердин эстетикалык табитин, мекенчилдик сезимин жана руханий маданиятын калыптандыруу;
- таланттуу студенттерди аныктоо жана алардын чыгармачылык иштерин колдоо.

3. Конкурстарды уюштуруу жана өткөрүү тартиби

3.1. Конкурстарды уюштуруу үчүн университеттин жетекчилигинин буйругу менен уюштуруу комитети жана калыстар тобу түзүлөт.

3.2. Уюштуруу комитети төмөнкү милдеттерди аткарат:

- конкурстардын өткөрүлүү планын жана графигин даярдоо;
- катышуучуларга маалымат берүү жана өтүнмөлөрдү кабыл алуу;
- конкурстук иштерди кабыл алууну жана каттоону уюштуруу;
- керектүү аудиторияларды, сахнаны жана техникалык каражаттарды даярдоо;
- калыстар тобунун ишин уюштуруу;
- жыйынтыктарды чыгаруу жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо иш-чараларын өткөрүү.

3.3. Калыстар тобунун курамына адабият, тил, искусство, маданият жана педагогика тармактарындагы адистер, окутуучулар жана тиешелүү эксперттер киргизилиши мүмкүн.

3.4. Конкурстарга университеттин институттарынын жана колледждеринин студенттери катыша алышат. Катышуучулар жеке же топтук форматта конкурстун түрүнө жараша катышат.

3.5. Конкурска катышуу ыктыярдуу негизде жүргүзүлөт.

3.6. Конкурстарды өткөрүү мөөнөтү уюштуруу комитети тарабынан бекитилген графикке ылайык жүргүзүлөт.

3.7. Конкурска катышуу үчүн табыштамалар 2026-жылдын 10-ноябрына чейин берилет. Катышууну каалоочулар конкурсту уюштуруу тобунун төрагасына арыз менен кайрылат. Арызда кайсы номинацияга катыша тургандыгын жана катышуучулардын тизмеси берилет (Тиркеме 1)

3.8. Ар бир конкурс калыстар тобунун чечими менен жыйынтыгы чыгарылат. Чечим протокол менен таризделет жана жыйынтыгы университеттин жетекчилигине сунушталат.

4. Калыстар тобунун курамы жана ишин уюштуруу

4.1. Калыстар тобу төрагадан, катчыдан жана мүчөлөрдөн турат.

4.2. Калыстар тобунун төрагасы:

- калыстар тобунун ишин жетектейт;
- жыйындарды уюштурат жана өткөрөт;
- баалоо процессинин калыс жана объективдүү өтүшүн камсыз кылат;
- жыйынтыктоочу чечимдердин кабыл алынышын координациялайт.

4.3.. Калыстар тобунун катчысы:

- калыстар тобунун иш кагаздарын жүргүзөт;
- баалоо баракчаларын чогултат жана жыйынтыктарды жалпылайт;
- жыйындардын протоколдорун даярдайт;
- конкурстун жыйынтыктары боюнча документтерди тариздөөгө көмөктөшөт.

4.4.. Калыстар тобунун мүчөлөрү конкурстун бардык катышуучуларына бирдей талаптарды колдонууга жана баалоодо жеке кызыкчылыктарга жол бербөөгө милдеттүү.

4.5. Калыстар тобунун чечимдери анын жыйынына катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болгон учурда төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

4.6. Калыстар тобунун чечимдери протокол менен таризделет.

5. Калыстар тобунун укуктары жана милдеттери

5.1. Калыстар тобу төмөнкү укуктарга ээ:

- катышуучулардын конкурс талаптарына ылайык даярдалган иштерин баалоого;
- конкурстун жобосунда белгиленген талаптардын аткарылышын текшерүүгө;
- зарыл болгон учурда уюштуруу комитетинен конкурс жөнүндө кошумча маалымат алууга;
- катышуучулардын чыгармачылык иштерин талкуулоого;
- өзгөчө чыгармачылык жөндөмүн көрсөткөн катышуучуларга атайын номинацияларды ыйгаруу боюнча сунуш киргизүүгө;
- конкурсту мындан ары өркүндөтүү боюнча сунуштарды берүүгө.

5.2. Калыстар тобунун мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- конкурстун жобосун жана баалоо критерийлерин так сактоого;
- катышуучулардын иштерин объективдүү жана адилеттүү баалоого;
- баалоонун жыйынтыктарын негизсиз өзгөртпөөгө;
- катышуучулардын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;
- жеке, туугандык же башка кызыкчылыктардын баалоого таасир этишине жол бербөөгө;
- конкурс учурунда алынган купуя маалыматтарды негизсиз таратпоого;
- кабыл алынган чечимдерди белгиленген тартипте протоколго киргизүүгө.

5.3. Эгерде калыстар тобунун мүчөсүнүн катышуучу менен жакын жеке же башка кызыкчылык байланышы болсо, ал жагдайды төрагага билдирүүгө жана тиешелүү катышуучунун ишин баалоодон четтетилүүгө тийиш

6. Биринчи конкурс: Студенттер арасында Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча “Көркөм окуу» конкурсу

6.1. Конкурстун максаты

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы көркөм сөздүн күчүн, каармандардын ички дүйнөсүн жана автордун гуманисттик идеяларын көркөм окуу аркылуу ачып берүү.

6.2. Катышуу шарттары

- конкурс жеке аткаруу форматында өткөрүлөт;
- катышуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан үзүндү тандайт;
- чыгарма кыргыз же орус тилинде аткарылышы мүмкүн;
- тандалган үзүндүнүн мазмуну жазуучунун чыгармачылыгына жана конкурстун максатына шайкеш келүүгө тийиш;
- бир катышуучунун аткаруу убактысы 5–7 мүнөттөн ашпоого тийиш;
- көркөм окууда сахналык маданиятты, үн ыргагын жана эмоционалдык таасирдүүлүктү сактоо талап кылынат.

6.3. Баалоо критерийлери

- текстти туура жана так окуу — 20 балл;
- көркөм окуу техникасы, үн ыргагы жана дикциясы — 25 балл;
- чыгарманын мазмунун жана идеясын ачып берүү — 25 балл;
- эмоционалдык таасирдүүлүк жана образдуулук — 20 балл;
- сахналык маданият — 10 балл.

Жалпы упай: 100 балл.

7. Экинчи конкурс: - «Чыңгыз Айтматов жана дүйнөлүк адабият» темасында эсселердин конкурсу

7.1. Конкурстун максаты

Чыңгыз Айтматовдун дүйнөлүк адабияттагы ордун, чыгармаларынын жалпы адамзаттык маанисин жана алардын азыркы коом үчүн актуалдуулугун студенттердин өз алдынча ой жүгүртүүсү аркылуу ачып берүү.

7.2. Катышуу шарттары

- конкурс жеке катышуу форматында өткөрүлөт;
- эссе кыргыз же орус тилинде жазылышы мүмкүн;
- эссенин көлөмү 3–5 бетти түзөт;
- текстте теманын актуалдуулугу, автордун негизги идеясы, жүйөлүү пикирлер жана корутунду чагылдырылышы керек;
- адабий чыгармалардан, илимий эмгектерден же башка булактардан алынган маалыматтарга шилтеме берүү талап кылынат;
- башка авторлордун эмгектерин өзүнө ыйгарып алуу жана даяр тексттерди көчүрүү жол берилбейт;
- эссе катышуучунун өз алдынча чыгармачылык жана аналитикалык иши болууга тийиш.

7.3. Эссенин сунушталуучу багыттары

- Чыңгыз Айтматов — дүйнөлүк адабияттын залкар өкүлү;
- Айтматовдун чыгармаларындагы гуманизм жана жалпы адамзаттык баалуулуктар;
- Чыңгыз Айтматов жана адамзаттын руханий келечеги;
- Айтматовдун чыгармаларындагы улуттук өзгөчөлүк жана жалпы адамзаттык идеялар;
- Жазуучунун чыгармаларындагы экологиялык аң-сезим жана жаратылыш менен адамдын байланышы;
- Чыңгыз Айтматовдун мурасы жана азыркы жаштар;
- Айтматов жана дүйнөлүк маданияттардын диалогу.

7.4. Баалоо критерийлери

- теманын ачылышы жана актуалдуулугу — 25 балл;
- өз алдынча ой жүгүртүү жана талдоо — 25 балл;
- аргументтердин негиздүүлүгү жана мисалдардын колдонулушу — 20 балл;
- тексттин түзүлүшү, логикалуулугу жана корутундусу — 15 балл;
- тилдик сабаттуулук жана академиялык жазуу маданияты — 10 балл;
- булактарды туура көрсөтүү — 5 балл.

Жалпы упай: 100 балл.

8. Үчүнчү конкурс: Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча “Мыкты сүрөт” конкурсу;

8.1. Конкурстун максаты

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы көркөм образдарды, окуяларды, каармандардын дүйнөсүн жана философиялык идеяларды сүрөт искусствосу аркылуу чагылдыруу, студенттердин чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү.

8.2. Катышуу шарттары

- конкурс жеке катышуу форматында өткөрүлөт;
- сүрөттөр Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын мазмунуна, каармандарына же идеяларына негизделүүгө тийиш;
- сүрөт тартуунун техникасы эркин тандалат: графика, живопись, акварель, гуашь, карандаш, коллаж жана башка көркөм ыкмалар;
- иштер кол менен аткарылышы керек;
- ар бир иштин аталышы, автордун аты-жөнү, институту же колледжи жана тобу көрсөтүлөт;

- сүрөт менен кошо чыгарманын аталышы жана сүрөттүн идеясы тууралуу кыскача түшүндүрмө берилет;
- башка авторлордун сүрөттөрүн көчүрүүгө жол берилбейт.

8.3. Баалоо критерийлери

- чыгарманын мазмунуна шайкештиги — 25 балл;
- идеянын оригиналдуулугу жана чыгармачылык мамиле — 25 балл;
- көркөмдүк деңгээли жана композициясы — 20 балл;
- образдардын мазмундуу жана таасирдүү берилиши — 20 балл;
- иштин сапаттуу жасалышы жана түшүндүрмөнүн тактыгы — 10 балл.

Жалпы упай: 100 балл.

9. Төртүнчү конкурс: Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча "Мыкты инсценировка" конкурсу

9.1. Конкурстун максаты

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын сахналаштыруу аркылуу алардын идеялык мазмунун, каармандардын мүнөзүн жана адамдык баалуулуктарын ачып берүү, студенттердин актёрдук, режиссёрдук жана командалык иштөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү.

9.2. Катышуу шарттары

- конкурс топтук форматта өткөрүлөт;
- ар бир команда Чыңгыз Айтматовдун бир чыгармасын же чыгармадан тандалган үзүндүнү сахналаштырат;
- инсценировка кыргыз же башка тилдерде аткарылышы мүмкүн;
- сахналык көрүнүштүн узактыгы 7-12 мүнөттөн ашпоого тийиш;
- чыгарманын негизги идеясы жана автордук ой мүмкүн болушунча сакталууга тийиш;
- сахналык жасалгаларды, костюмдарды, музыканы жана мультимедиялык каражаттарды колдонууга уруксат берилет;
- команданын курамы, чыгарманы тандоосу жана инсценировканын аталышы алдын ала уюштуруу комитетине билдирилет;
- сахналык маданият, коопсуздук жана этикалык талаптар сакталууга тийиш.

9.3. Баалоо критерийлери

- чыгарманын идеялык мазмунун ачып берүү — 25 балл;
- актёрдук чеберчилик жана образдарды жаратуу — 20 балл;
- режиссёрдук чечим жана сахналык композиция — 20 балл;
- чыгармачылык өзгөчөлүк жана оригиналдуулук — 15 балл;
- командалык иш жана сахналык маданият — 10 балл;
- костюм, музыка жана жасалгалардын шайкештиги — 10 балл.

Жалпы упай: 100 балл.

10. Жыйынтык чыгаруу жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо

10.1. Ар бир конкурстун жыйынтыгы калыстар тобунун баалоосунун негизинде 2026-жылдын 5-декабрына чейин чыгарылат.

10.2. Ар бир конкурста I, II жана III орундар аныкталат. Катышуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө жараша кошумча номинациялар уюштурулушу мүмкүн.

10.3. Жеңүүчүлөргө дипломдор, грамоталар жана уюштуруучулардын мүмкүнчүлүгүнө жараша баалуу белектер тапшырылат.

10.4. Конкурстун бардык катышуучуларына сертификаттар берилет.

10.5. Калыстар тобунун чечими протокол менен бекитилет жана жыйынтыгы боюнча сыйлоо тууралуу буйруктар чыгарылат. Конкурстун жыйынтыгы университеттин расмий маалыматтык ресурстарында жарыяланышы мүмкүн.

10.6. Өзгөчө чыгармачылык жөндөмүн көрсөткөн студенттердин иштери университетте уюштурулуучу көргөзмөлөргө, адабий кечелерге жана маданий иш-чараларга сунушталышы мүмкүн.

11. Каржылоо

11.1. Конкурстарды уюштурууга байланыштуу чыгымдар университеттин тиешелүү каражаттарынын, демөөрчүлөрдүн жана мыйзамдарда тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен каржыланышы мүмкүн.

11.2. Каржылык маселелер университеттин ички тартибине жана колдонуудагы ченемдик талаптарга ылайык чечилет.

12. Корутунду жоболор

12.1. Бул Жобо университеттин жетекчилиги тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

12.2. Жободо каралбаган уюштуруучулук маселелер уюштуруу комитети тарабынан университеттин ички тартибине ылайык чечилет.

12.3. Конкурстарды өткөрүүнүн конкреттүү даталары, өтүүчү жайы, сыйлоо тартиби университеттин өзүнчө буйругу же иш-чаралар планы менен такталат.

Долбоорду даярдагандар: Токоева Г.С.
Маматумаров А.Т.
Карабекова А.К.

Тиркеме 1

Б. Осмонов атындагы
Жалал-Абад мамлекеттик университетинин
конкурстарды уюштуруу комитетинин
төрагасына

Арыз

Мен (биз), _____
аты-жөнү, тайпасы

көрүнүктүү жазуучу, гуманист, философ, дипломат жана мамлекеттик ишмер Чыңгыз Айтматовдун 100 жылдыгына карата Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде уюштурулуп жаткан чыгармачылык конкурска катышууга уруксат берүүңүздү суранам.

Конкурстун аталышы:

_____
(тиешелүү конкурстун номинациясынын аталышын көрсөтүү)

Конкурстун жобосу менен тааныштым. Көрсөтүлгөн талаптарды сактоого жана конкурстун шарттарына ылайык катышууга милдеттенем.

_____ аты-жөнү
арыз берүүчүнүн колу:

«_____» _____ **20**-ж.